МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. М.Рыскулбекова

# Манастаануу  Б.1.5

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **Жапаралиева Назира Жакыповна** |
| **Байланыш маалыматтары:** | 0701753975, 0502966969<br>nazira0126@gmail.com |
| **Кредиттин саны:** | 60 саат 2кредит |
| **Датасы:** | **2021-2022-окуу жылынын 1-семестри** |
| **Сабактын максаты жана милдеттери** | Манастаануу курсу кыргыз элинин коомдук аң-сезимин, турмуштук тажрыйбасын, дүйнө таанымын, психологиясын, тарыхын чагылдырган "Манас" эпосунун мазмуну менен тааныштыруу аркылуу студенттердин дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын, рухий маданиятын, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү, эстетикалык табитин тарбиялоо, өз эл – жерин сүйгөн, улутунун салт – санаасын, рухий адеп – ахлак кенчтерин боюна сиңирген, башка калктарды да урматтаган, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, ыймандуу, ишкер инсандарды калыптандыруу максатында өтүлөт.<br>Кыргыз көчмөн цивилизациясынын керемет кенчи, “кыргыз рухунун туу чокусу” элдик оозеки көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик үлгүсү, дүйнөлүк адабияттын улуу классикасы, “Манас” эпосун студенттер менен жаштарга жеткирүү жана эпостун руханий – патриоттук, адеп-ыймандык мазмунун ачып берүү, каада-салт, үрп-адатты үйрөнүү үчүн жана элин-жерин сүйүп, патриотизмге тарбиялоо, кыргыз элинин тарыхын билүү  максатында окутулат.<br>Студенттердин киндик каны тамган Ата Журтун кашык каны калганча коргоого  даяр, эл-жерин жан дили менен сүйгөн, башка улуттарды урматтап, сыйлаган, өз улутунун прогрессивдүү салт-санаасын, рухий адеп-ахлак кенчтери боюнча синирген, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү  өздөштүргөн, демократиялык аң-сезимди алып жүргөн, улууну урматтап, кичүүнү ызаттаган ыймандуу, адамкерчиликтүү инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдүү көмөктөшүү.<br>“Манастаануу” курсун үйрөнүүнүн милдеттери<br>“Манастын” баалуулугу,  кайталанбастыгы тууралуу илимий жактан бир бүтүндүккө айланып, дүйнөлүк көркөм маданиятты жана философиялык ой жүгүртүүнүн тарыхы  үчүн бул окуу курсу зор милдетти аткарат.<br>1. Көркөм сөз өнөрүнүн дүйнөдө теңдеши жок үлгүсү болгон океан эпосубуздун дүйнөлүк маданияттагы алган орду, маани-маңызы,  жазып алуу, изилдөө, басып чыгаруу, башка элдердин тилдерине которуу тарыхын үйрөнүү.<br>2. "Манас" эпосундагы баяндалган  бардык илимдердин башаты болгон  илимдерден азыктанып, билим алып, өзүнүн  кесибинде, турмушунда колдоно билүүгө көнүктүрүү.<br>3. “Манас” эпосунда чагылдырылган акыл ой тажрыйбасын тексттен өздөрү таба билүүгө, турмушунда колдонууга көнүктүрүү.<br>4. “Манас” эпосунун кыскача мазмуну менен тааныштырып, өзөк окуяларын окутуу, манасчылардын өмүр-баяны, |

| | |
|---|---|
| | чыгармачылыгы менен тааныштыруу. Манасчылык өнөрдүн бөтөнчөлүгүн, уникалдуулугун сезе билүүгө үйрөтүү, эпосту кырааты менен көркөм окууга машыктыруу.<br>5. “Манастаануу” курсу аркылуу кыргыз тилин терең өздөштүрүүгө көмөк көрсөтүү, кесиптик жана турмуштук кырдаалдарда кеп маданиятын сактоого көнүктүрүү, коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүү.<br>6. “Манас” эпосу- көчмөн цивилизациянын теңдешсиз эпикалык мурасы, кыргыз рухунун туу чокусу, ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы экенин студенттердин аң – сезимине, жан-дүйнөсүнө жеткирүү, улуу эпосубуз менен сыймыктануу сезимин калыптандыруу.<br>7. “Манас”эпосу аркылуу кыргыз элинин биримдигин, ынтымагын чындоо жана бекемдөө үчүн студенттерди багыттоо. |
| **Курстун баяндалышы** | “Манастаануу” окуу дисциплинасы боюнча лекциялык курс “Манас” эпосу тууралуу ар тараптан билим алууга багытталган. Себеби, “Манас” эпосу бардык илимдердин башаты деп бекеринен айтылбайт эмеспи.<br>“Манастаануу” курсу үчүнчү муундагы Жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык даярдалды жана бул окуу курсу боюнча окуу программасынын бардык бөлүмдөрүндө ЖОЖдордун филологиялык эмес адистиктеги студенттери үчүн багытталды. Эпосту үйрөнүүнүн негизги багыты болуп, тарыхый, маданий, тилдик көркөм каражаттарды билүүгө жана астрологоиялык, антропологиялык, экономикалык, архитектуралык жактан билим алууга багытталган.<br>“Манас” эпосу–дүйнөлүк маданияттын көнөрбөс үлгүлөрүнүн ичинен теңдеши жок экендигин түшүндүрүү, “Манас” эпосу улуттук идеялогиябыздын башаты болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын “Манас” эпосу боюнча мыйзамынын кабыл алынышы, анын тарыхый мааниси зор экендигин жеткирүү. Кылымдарды карыткан тарыхы бар эпикалык чыгарманын фольклористика илиминде фундаменталдуу изилдениши: “Манас” эпосунун тарыхый доорлору, эпостун жалпы структурасы, этнографиялык, философиялык, маданият таанучулук мааниси, манасчылык өнөрдүн табияты, манасчылардын мектептери, эпостогу каармандардын образдары, эпостун поэтикалык маселелери комплекстүү каралат. “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпосторунун канондук сюжети андагы адамзаттык бийик идеялар: Ата-Журт, анын боштондугу үчүн күрөш, элдин биримдик-бүтүндүгү, акыйкаттуулукка, адилеттүүлүккө негизделген достук, Мекен алдындагы парс, абийир, ата-баба салтын аздектөө, толеранттуулук, ак-караны таануу. Эпостогу улуттук педагогика, менталитет, этика жагдайын кенен талдоо жаш муундардын инсан болуп калыптанышында эпостун тарбиялык таасирин түшүндүрүү. Манас үчилтик сюжеттеринин искуссвонун түрдүү жанрларында иштелип чыгышы каралат. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндө “Манас” эпосунун саясий-идеологиялык мааниси түшүндүрүлөт. |

| | |
|---|---|
| | «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун канондук сюжети. Андагы адамзаттык бийик идеялар: Ата-Журт, анын боштондугу үчүн күрөш, элдин биримдик-бүтүндүгү, акыйкатуулукка, адилеттүүлүккө негизделген достук, Ата-Журттун мүдөөлөрү, калайык калктын жогорку кызыкчылыктарын көздөө, Мекен алдындагы ыйык парз, абийир, ар-намыс үчүн күрөш, ата-баба салтын аздектөө, адамкерчиликтүүлүк, толеранттуулук берилет.<br>Эпостогу улуттук педагогика, менталитет, этика жагдайын кенен талдоо, жаш муундардын инсан болуп калыптанышында эпостун тарбиялык таасири тууралуу айтылат. |
| **Сабакка чейинки пререквизиттери** | Студенттердин мурда алган билимдерин өркүндөтүү, «Манас» үчилтигинин сюжети кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндө «Манас» эпосунун саясий-идеологиялык маанисине басым коюу аркылуу сабак аралык (тарых, адабият, география ж.б.) байланыштар жүргүзүлөт.<br>"Манас" – кыргыз элинин жашоо турмушун, үрп-адатын, каада-салтын, маданиятын, тарыхын, санжырасын, иделогиясын түздөн-түз маалымдап, чагылдырып турган энциклопедиясы экенин студенттерге жеткирүү. |
| **Сабактан кийинки постреквизиттери** | "Манастаануу" курсун окуу инсан катары жана профессионал адис катары калыптанышына зор кызмат кылуучу курс болуп эсептелип, кырдаалга жараша сүйлөшүүгө, оюн логикалык ырааттуулукта берүүгө, ораторлук чеберчиликке үйрөнөт.<br>«Манас» эпосунун уникалдуулугун, жалпы адамзаттык философиялык мааниси зор жана терең экендигин, ички маңызын түшүнө билүүгө, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп бере алууга көнүгөт. Эпосту талдоо аркылуу көз карашы калыптанат. Өткөн тарыхка болгон баалуу мамилеге тиешелүү суроолор боюнча өзүнүн көз карашын далилдеп жана айта билет. |
| **Күтүлүүчү компетенциялар** | Курстун мазмунун толук өздөштүргөн студент төмөнкү **компетенцияларга** ээ болушу керек:<br>**Билүү:**<br>- "Манас" эпосунун уникалдуулугун, жалпы адамзаттык философиялык мааниси зор жана терең экендигин, ички маңызын түшүнө билүүгө, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп бере алууга.<br>- Адам катары калыптануу шартында анын эркиндигин, өмүрүн, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилиги;<br>- Жан-дүйнөсүнө "Манастын" тил байлыгын сиңирип, өз оюн, пикирин таамай, кыска жана нуска айта билүүгө, көркөмдөп, коолдоп чечен сүйлөй жана жаза билүүгө, эпостун сөз берметтерин өз сөздөрүндө колдонууга, кептик чеберчиликти өнүктүрүүгө.<br>- Ааламдашуу алкагында кыргыз эли улуттук жүзүн сактай алабы, башка маданияттарга сиңишип жок болуп кетпейби деген эң көйгөйлүү маселеге көңүл буруп, Ата-Журт үчүн күйүп жанган мекенчил болууга.<br>**Колдоно билүү;** |

| | |
|---|---|
| | - Окумуштуулардын даяр илимий пикирлерин гана окуп үйрөнбөстөн, өзү сын ой жүгүртүп, өз пикирин билдирип, өзү жыйынтык чыгара алууга.<br>- Тарыхый жана регионалдык маданияттын түрүн, анын динамикасын, иш үстүндөгү ар түрдүү маданий тармактардын негизги жетишкендиктерин колдоно билүүгө<br>- Тарыхый кырдаалдардын этаптары жана мыйзамченемдүүлүгү, дүйнөлүк жана Ата Мекендик экономикалык тарыхтын негизги окуялары жана кырдаалдары;<br>- Негизги философиялык түшүнүктөр жана категориялар, жаратылыштын, коомдун жана ой жүгүртүүнүн мыйзамченемдүү өнүгүшүн;<br>- Адамдын жашоосунда жана коомдогу орду менен ролун, маданияттын маңызын мүнөздөй билүү;<br>- Адистик боюнча адабияттардын түп нускасы менен иштөөнү;<br>- Дүйнөлүк тарыхый кырдаалдарды түшүнө билүү, коомдо болуп жаткан кубулуштарды жана кырдаалдарды талдай билүү.<br>**Айта билүү; (ойду билдирүү)**<br>- “Манас” эпосунун бүгүнкү күндө дүйнөлүк мааниси ЮНЕСКОнун тизмесинен өтүп, дүйнөлүк баалуу ой пикирге ээ болгонубуз тууралуу ой тутумун айтып бере алуу,<br>- “Манас” эпосунун (ар түрдүүлүгүн) бөтөнчөлүгүн билүү, маданияттагы анын ордун, дүйнөдөгү илимий, философиялык жана диний көрүнүштөрүн, адам жашоосунун маани-маңызын милдетин;<br>- Адамдын калыптануу шарты тууралуу анын эркиндигин, өмүрүн, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилигин;<br>- “Манас” эпосунан адам баласынын жүрүм-турумундагы зордук-зомбулуктун же анын жоктугунун ролун түшүнүү, адамдын өзүнө же башкага болгон (нравалык) адеп - ахлактык жоопкерчилиги;<br>- Турмуштук жана кесиптик байланышта элдин алдына чыгып сүйлөөдө кептик ишмердикти колдоно билүү чеберчилиги;<br>- Интернет булактары менен иштей алуу;<br>- Ааламдашуу алкагында башка маданияттарга сиңишип жок болуп кетпей, улуттун жүзүн сактай алуу, Ата-Журт камын ойлогон мекенчил болуу;<br>-Өткөн тарыхка болгон баалуу мамилеге тиешелүү суроолор боюнча өзүнүн көз карашын далилдеп жана айта билиш керек; |
| **Курстун саясаты** | Улуу “Манас” эпосунда ата-бабаларыбыздын адеп-ахлагы, рухий асыл нарктары, бийик идеалары, географиясы диний жана медициналык түшүнүгү, астрологиялык ой тутуму, эл аралык мамилелери, келечекке карата умтулуулары чагылдырылган. Улуу орус элинин окумуштуусу В.Циалковский: “Биз жомокту |

| | |
|---|---|
| | чындыкка айландыруу үчүн төрөлгөнбүз” – деп айткандай, ушул көөнөрбөс кенчибиздин оозеки жомок катары айтчу доорлор аяктап, эми “Манасты” айтып, илимий жактан терең изилдеп, ачылбай жаткан сырларын ачуучу мезгил келип жетти.<br>***Студенттердин төмөнкү иш-аракеттери колдоого ээ болот:***<br>• сабактарда өз ой-пикирлерин билдирүү;<br>• окуу ишинде чыгармачылыгы, өзгөчөлүгү;<br>• өз алдынча иштөөдө жекечелиги;<br>• сабаттуулугун жана жалпы маданият таануусун жогорулатуусу;<br>• адептүүлүгү, толеранттуулугу,<br>• иштиктүү тилге үйрөнүүгө, кеп маданиятын өстүрүүгө умтулуусу;<br>• илимий- изилдөөгө багыттануусу.<br>• Кыргыз тил менен адабиятты айкалыштыра билүүсү<br>• Өз алдынча иштөөсү жана үй тапшырмаларын убагында жана талап кылынган мөөнөттө жана көлөмүндө аткаруу.<br>Эпостогу улуттук педагогика, менталитет, этика жагдайын кенен талдоодо оюн билдире алса, жаш муундардын инсан болуп калыптанышында эпостун тарбиялык таасирин түшүнсө да колдоого алынат. |
| **Окутуунун методу** | Текст менен өз алдынча жана жуп менен иштөө; БББ, синквейн, ж.б. ыкмалары, глоссарий, диалог түзүү; ММК менен иштеше билүү; темага байланыштуу “Манас”,”Семетей”, “Сейтек”үчилтигинен үзүндү жаттатуу, өзөктүү окуялардан билүүдө ылайыктуу методдорду колдонуу, тарыхый жерлерге, музейлерге саякатка чыгуу.<br>Жетишпей калган студенттерге, өздөштүрө албай калган темалар боюнча кошумча консультациялар өтүлүшү мүмкүн.<br>Ар бир тема боюнча студенттерге коюлган максаттар жана талаптар ( тапшыруу мөөнөтү жана формалары) белгиленген.<br>Азыркы күндө күндүзгү бөлүмдө да аралыктан билим берүү технологиясы менен окутуу студенттин окуу материалын өз алдынча электрондук окуу колдонмолорун, ошондой эле кадимки окуу китептерин пайдаланып өздөштүрүүсүнө багыттайт. Ошондуктан «Манастаануу» курсун өздөштүрүүдө кайсы бир түшүнүксүз маселелер боюнча окутуучуга кайрылуу керек. |
| **Билимин текшерүүнүн формасы** | Силлабуста бир семестрдин ичинде студенттердин материалды өздөштүргөндүгүн бир нече жолу текшерилет (текущий контроль), андан тышкары 2 модуль пландаштырылган. Алар студенттердин билимин текшерүү максатында өткөрүлөт.<br>Модулду кабыл алуу жана өткөрүү формасы ар түрдүү болушу мүмкүн. Формасы- оозеки жана жазуу түрүндө. Курс боюнча ар бир семестирдин аягында – жыйынтыктоо баа коюлат.<br>Ал эки модулдун баллдары, кошумча баллдардын жана сынак баллдардын суммасынан түзүлөт.<br>Кошумча баллдар сабакка катышканы, тапшырмаларды жана жекече иштерди жакшы аткаргандыгы үчүн берилет.<br>Студенттин билими, көндүмдөрү 100 баллдык чен менен бааланат жана төмөнкү критерийлерди ичине камтыйт. |

| | |
|---|---|
| | Лекциялык жана семинардык сабактарга үзгүлтүксүз жана туура жоопторду жөнөтүү берилген темалар боюнча даярдануу, берилген тапшырмаларга өз учурунда так жооп берүү негизги критерийлердин бири болуп саналат. Студенттерге ошондой эле жекече тапшырмалардын үстүндө аткарган иштери үчүн да баа коюлат.<br>Окутууда студенттин окутуучунун тапшырмаларын аткарышы жана кезектеги текшерүүдөн жана жыйынтыктоо сынагынан өтүшү шартталат. Окутуучу студентке почта аркылуу курс боюнча тапшырмаларды жиберип, жеке кабинеттин негизинде иш алып барат. Ошондуктан, студент сабакка дайыма катышып, жигердүүлүк менен окушу керек же аралыктан билим берүү технологиясынын байланыш түйүндөрү аркылуу кире турган почтаны ар дайым текшерип туруусу керек. |
| **Адабияттар:**<br>**Негизги**<br>**Кошумча** | **Негизги адабияттар:**<br>1. Ашым Жакыпбек. Теңири Манас., 1996.<br>2. Жусупов К. «Манас» (кара сөз баяндамасы), Б., 1995<br>3. Абдылдаев Э. "Манас" эпосунун историзми. Ф., 1987<br>4. Ауэзов М.О. Киргизская героическая поэма «Манас» в книге: Мысли разных лет, А. — А., 1961.<br>5. Байгазиев С. Манастаануу.Б., 2000.<br>6. Бегалиев С. «Манас» эпосунун поэтикасы. Ф., 1995.<br>7. Бернштам А.Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас» (в сб. «Манас- героический эпос киргизского народа», Ф., 1968.<br>8. Жирмунский В. Введение в изучение эпоса «Манас» (в кн. «Киргизский героический эпос «Манас», М., 1961).<br>9. Жумалиев К. Манасчылар жөнүндө түшүнүк. Б., 1994.<br>10. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун көркөм сөз каражаттарынын тарыхый өнүгүү маселесине карата. Б., 1997, 71- 110- беттер<br>11. Мусаев С. "Манас" жана академик В.Радлов. Б., 1997.<br>12. Өмүрбай Макелек. Жусуп Мамай. «Кыргызстан маданияты», 6.10.1988.<br>13. Поливанов Е.Д. Киргизский героический эпос "Манас" Б., 999.<br>14. Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Китепте: «Манас» энциклопедия. Б., 1995, 2 том, 127- 137- беттер.<br>15. Рахматулин К. Творчество манасчи. В книге: «Манас»- героический эпос киргизского народа. Ф., 1968, 75- 148 беттер.<br>**Кошумча адабияттар:**<br>16. Сооронов О. 1503-жылы жазылган «Манас» (Сайпидин Аксыкент «Маджму- атут- таварих»). Б., 2003.<br>17. Сыдыкбеков Т. Тарых жана «Манас» («Ала-Тоо», 1968. № 11).<br>18. **Электрондук булактар**: http://www. bizdin. kg<br>http://www.manas.kyrgyz. ru/<br>http://epos-manas.ru<br>http://www.manasel.kg |
| **СӨИ** | СӨИ- бул окуу процессинде конкреттүү жыйынтыкка жетүү үчүн окутуучунун түздөн-түз жардамысыз ишке ашырылган пландаштырылган, үйрөнүүчүлүк, уюштуруучулук жана усулдук жактан ишмердүүлүккө багытталган студенттин өз алдынча иши. |

| | |
|---|---|
| | Студенттин өз алдынча иши бардык багыт боюнча жогорку билим берүү адистиктерин даярдоодо милдеттүү процесс болуп эсептелет. Студенттин өз алдынча ишин уюштуруунун негизги принциби болуп, студенттин практикалык жана илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө болгон өздөштүрүүсүндө комплекстүү мамиле жасоо көндүмү болуп эсептелет.<br>1. Кыргыз элинин маданий, адабий мурастарынын коомдук маанисинин түбөлүктүүлүгү.<br>2. Элдик фольклор жана этнопедагогикалык тарбия.<br>3. “Манастын” жаралышына өбөлгө болгон тарыхый окуялар.<br>4. Кыргыз мамлекеттүүлүгү “Манас” эпосунун контекстинде.<br>5. “Манастын” баатырдык эпос катарында калыптанышынын жана өнүгүшүнүн тарыхый этаптары<br>6. Манасчылык өнөр.<br>7. “Манас” эпосун жыйноо, жазып алуу, басып чыгаруу тарыхы.<br>8. “Манас” эпосун изилдөө тарыхы: “Манастаануу” илими.<br>9. “Манас” эпосунун башка элдердин тилдерине которулушу жана дүйнө элдеринин адабиятындагы орду.<br>10. Жылкы жаныбарынын эпостогу сүрөттөлүшү.<br>11. Баатырдык, патриоттуулук, адилеттүүлүк жана эгемендүүлүк түшүнүктөрүнүн эпосто чагылдырылышы<br>12. “Манас” эпосундагы аялдардын образы акылмандуулуктун, аруулуктун символу.<br>13. “Манастагы” ыйман сабактары.<br>14. Архитектура, скульптура жана “Манас”<br>15. “Манас” эпосу жана улуттук музыка искусствосунун тарыхы.<br>16. “Манас” эпосундагы диний ишенимдер.<br>17. “Семетей”- Манастын ишин улантуучу.<br>18. “Сейтек” - трилогиянын жыйынтыгы. |
| **Кошумча түшүнүк.** | Студенттердин дайыма байланышта болуусу жана салымы.<br>Бардык студенттер сабакка үзбөй байланышта болуулары керек, анткени, лекциялык жана семинардык сабактарда студенттер курс боюнча өз алдынча иштөөсү үчүн түрткү бере турган маалыматтарды алышат.<br>Ар бир студент окуу процессине өз салымын кошушу керек. Сабактарга жоопкерчиликтүү болуп, жоопторду так, туура жана өз учурунда жөнөтүүсү керек. |

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**

| **№** | **Датасы** | **Темасы** | **Саатынсаны** | **Адабияттар** | **Модуль боюнча суроолор** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15.09.21<br>18.09.21 | “Манас” эпосу - кыргыз элинин улуу мурасы. “Манас” эпосунун жаралышы андагы тарыхый доорлор. | 2 | **Адабияттар:**<br>Негизги:<br>.Абдылдаев Э. "Манас" эпосунун историзми. | Элдик оозеки чыгармачылык боюнча эмне билесиз? |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | 20.09.21<br>25.09.21 | «Манас» эпосунун бизге жеткен негизги варианттары. | 2 | Ф., 1987.<br>Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун көркөм сөз каражаттарынын тарыхый өнүгүү маселесине карата. Б., 1997, 71- 110- беттер | “Манас” эпосунун канча варианты бар? |
| 3 | 27.09.21<br>02.10.21 | «Манас» эпосун эл оозунан жыйноо, жарыялоо жана изилдөө иштеринин жүрүшү. | 2 | | “Манас” эпосу качан биринчи жолу кагаз бетине түшүрүлгөн? |
| 4 | 04.10.21<br>09.10.21 | ***Манасчылар жана алардын варианттары.***<br>Легендарлуу манасчылар: Тыныбек, Акылбек, Балыкооз ж.б. | 2 | Ашым Жакыпбек. Теңири Манас., 1996.<br>Ауэзов М.О. Киргизская героическая поэма «Манас» в книге: Мысли разных лет, А. — А., 1961.<br>Байгазиев С. Манастаануу.Б., 2000.<br>Бегалиев С. «Манас» эпосунун поэтикасы. Ф., 1995. | Айтуучулук, манасчылык өнөрдүн өзгөчөлүгү жана салттуулук.<br>Нарындык, Чүйлүк, Ысык-Көлдүк манасчылардын мектеби. |
| 5 | 11.10.21<br>16.10.21 | С Орозбаков улуу манасчы.<br>С.Каралаев-21-кылымдын Гомери | 2 | Жирмунский В. Введение в изучение эпоса «Манас» (в кн. «Киргизский героический эпос «Манас», М., 1961).<br>Мусаев С. "Манас" жана академик В.Радлов. Б., 1997. | Манасчылардын өмүрү жана чыгармачылыгы. ( С.Орозбаков, С. Каралаев ж.б) |
| 6 | 18.10.21<br>23.10.21 | “Манас” эпосундагы образдар системасы жана аялдардын ролу | 2 | Бернштам А.Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас» (в сб. «Манас-героический эпос киргизского народа», Ф., 1968. | “Манастын” образдар системасы<br>“Манас”эпосундагы достук темасы.<br>Алмамбеттин тарыхы. |
| 7 | 25.10.21<br>30.10.21 | «Манас» эпосундагы этнопедагогика жана аны окутуунун проблемалары. | 2 | Өмүрбай Макелек. Жусуп Мамай. «Кыргызстан маданияты», 6.10.1988.<br>Поливанов Е.Д. Киргизский героический эпос "Манас" Б., 999. | А. Э. Измаилов, Т. В. Панкова, С. Байгазиев, Б. Исаков, С. Иптаров, ж.б. окумуштуулардын эмгектерин талдоого аракет кылыңыз. |
| 8 | 01.11.21.<br>06.11.21 | «Манас» эпосу искусствонун башка түрлөрүндө | 2 | Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Китепте: «Манас» энциклопедия. Б., 1995, 2 том, 127- 137- беттер. | “Айчүрөк”, “Манас” опералары.<br>“Манастын ордосунда” симфониялык сүрөттөмөсү, “Манас” симфониясынан маалымат топтоо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 08.11.21<br>13.11.21 | “Манас” эпосу дүйнөлүк окумуштуулардын көз карашында | 2 | **Кошумча адабияттар:**<br>Сооронов О. 1503-жылы жазылган «Манас» (Сайпидин Аксыкент «Маджму-атут- таварих»). Б., 2003.<br>Сыдыкбеков Т. Тарых жана «Манас» («Ала-Тоо», 1968. № 11). | Реми Дор, Г.Имрат, (Франция) Карл Решл, (Германия) Ильзе Лауде-Циртаустас (АКШ), тХу Чжень Хуа (Кытай) ж.б. чет элдик окумуштуулардын изилдөөсүндө эмне айырмачылык бар? |
| 10 | 15.11.21<br>20.11.21. | “Манас”эпосунун кыргыз элинин рухий турмушунда алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси. “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы жана анда кабыл алынган жети осуят | 2 | **Электрондук булактар**:<br>http://www. bizdin. kg<br>http://www.manas.kyrgyz. ru/<br>Жумалиев К. Манасчылар жөнүндө түшүнүк. Б., 1994.<br>Жусупов К. «Манас» (кара сөз баяндамасы), Б., 1995. | 2003-жылы ЮНЕСКОнун чечими менен дүйнөлүк шедевр катары катталгандыгындагы маалыматтар менен камсыз болуу |
| 11 | 22.11.21<br>27.11.21. | Трилогиянын өзөк окуялары «Манас» эпосунун идеясы | 2 | http://epos-manas.ru | Ата Журтту баскынчылардан бошотуу |
| 12 | 29.11.21<br>04.12.21. | «Семетей» эпосунун өзөк окуялары | 2 | http://www.manasel.kg | “Семетей” Манастын ишин улантуучу катары эмне айта аласыз? |
| 13 | 06.12.21<br>11.12.21. | «Сейтек» эпосунун темасын, идеясын ачуу, андагы көркөм образдарды талдоо жумуштарын алып барылышы. | 2 | Рахматулин К. Творчество манасчи. В книге: «Манас» - героический эпос киргизского народа. Ф., 1968, 75- 148 беттер. | “Манас” эпосунун “Семетей”, “Сейтек” бөлүмдөрү менен болгон генеологиялык жана идеологиялык байланышы. |
| 14 | 13.12.21<br>18.12.21. | "Манас" эпосунун бүгүнкү, эртеңки өмүрү | 2 | Абдылдаев Э. "Манастын" тарыхый-баатырдык эпос катарында калыптануу жана өнүгүү этаптары.- Б., 1999 | “Манас” эпосун комплекстүү изилдөө. “Манастаануу” илиминин калыптанышы. |
| 15 | 20.12.21<br>25.12.21 | Жыйынтыктоо | 2 | | |
| | | БАРДЫГЫ | **30** | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сентябрь | | | | октябрь | | | | | | ноябрь | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 20 балл | | | | 01.10.21-18.10.21. | | | | | | 22.11.21.- 11.12.21. | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Балл. суммасы |
| | | | декабрь | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 29.11.21.-25.12.21. | | | | 20 балл | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | |




*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.
*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги Окуу бөлүмү тарабынан бекитилет.